**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXI – СЕССИЯСЫНЫН

**2026-жылдын 26-февралы №96**

**2026 -жылга Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын жана 2025-2030- жылдарга болжолун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Балыкчы шаарынын мэриясынын 06.02.2026-жылдын чыгыш № 01-13/376 кайрылуусунун негизинде Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, токтом кылат:

1. 2026-жылга Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы жана 2025-2030- жылдарга болжолу 1-тиркемеге ылайык бекитилсин. https://balykchy.gov.kg

2. Балыкчы шаарынын мэриясы:

- 2026-жылга Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын жана 2025-2030- жылдарга болжолун ишке ашырууну камсыздасын;
- Ар-жылдын жыйынтыгы боюнча программаны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө шаардык кеңешке отчет берилсин.

3. Балыкчы шаардык Кенешинин 2023-жылдын 23-майындагы №2 “Балыкчы шаарынын 2023-2027- жылдарга карата өнүгүү стратегиясынын программаларын бекитүү жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп табылсын.

4. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

5. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы _________ Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1

Кыргыз Республикасы
Ысык-Көл облусу
Балыкчы шаары

Балыкчы шаарынын
2025-2030-жылдарга
социалдык-экономикалык

# ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ

# Мазмуну:


1. Кириш сөз
2. Өнүгүү планын түзүү процесси
3. Артыкчылыктуу багыттар
4. Элес
5. Миссия
    - Кыскача тарых
    - Климаттык шарт
    - Өнөр жай
    - Жергиликтүү  бюджет, салык саясат
    - Инфраструктура, социалдык маселелер

6. SWOT – анализ
7. Социалдык-экономикалык маалыматтар топтому (прогноз)
8. Өнүгүү планынын иш-чаралар Планы

Биз, Балыкчы шаарынын мэриясынын кызматкерлери, шаардык Кеңештин депутаттары, жаштар өкүлчүлүктөрү жана жарандык коомдун активдүү өкүлдөрү менен биргеликте Балыкчы шаарынын 2025–2030-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын долбоорун иштеп чыктык.

Сиздердин кароонуздарга сунушталып жаткан бул программа – шаарыбыздын келечегине багытталган, реалдуу мүмкүнчүлүктөргө жана так эсептөөлөргө негизделген стратегиялык документ. Программаны иштеп чыгууда жумушчу топ шаардын учурдагы абалын терең талдап, жетүүгө боло турган максаттарды белгилеп, жаңы идеяларды жана инновациялык көз караштарды камтыды. Бул документтеги ар бир багыт, ар бир иш-чара Балыкчы шаарынын өнүгүүсүнө дем берүү максатын көздөйт.

Урматтуу депутаттар, жоопкерчиликтүү чечимдердин, биргелешкен аракеттердин жыйынтыгы. Биз өнүгүү планын ишке ашыруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү жумшайбыз. Кандай гана кыйынчылык болбосун, биримдикте иш алып барып, Балыкчы шаарын социалдык-экономикалык жактан алдынкы шаарлардын катарына кошууга аракет кылабыз. Анткени “Ырыс алды – ынтымак”.

Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги булактарынын бири – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шаардык Кеңештин, мекеме-ишканалардын, шаар элинин, жарандык коомдун жана бейөкмөт уюмдардын ортосундагы тыгыз кызматташтык, ачык башкаруу жана өз ара ишеним. Ынтымактуу коом – туруктуу өнүгүүнүн өзөгү экени талашсыз.

Программада чет өлкөлүк жана ички инвестицияларды тартуу, инвестициялык зоналарды түзүү, ишкерлерге шарт түзүү, өнөр жайды, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча конкреттүү иш-чаралар каралган. Жергиликтүү бийлик тарабынан бизнести колдоо, ата мекендик өндүрүштү өнүктүрүү, жаңы долбоорлорду ишке ашыруу – бүгүнкү күндүн негизги талабы.

Ошону менен бирге, шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программасында калк үчүн ыңгайлуу шаардык чөйрөнү түзүү, жашоо сапатын жогорулатуу, социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу башкы орунда турат. Бейөкмөт уюмдар менен мыйзамдын чегинде тыгыз кызматташуу, коомдук демилгелерди колдоо иштери да өзгөчө көңүл борборунда болот.

Урматтуу депутаттар!
Келечек муун, шаарыбыздын эртеңки тагдыры үчүн бирдикте аракет кылууга чакырам. Ынтымакты сактоо менен, Балыкчы шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүккөн, заманбап жана жашоого ыңгайлуу шаарга айландыруу – баарыбыздын орток максатыбыз.

Өнүккөн Балыкчы шаарын курууда күчүбүз бирдикте болсун!.

**Балыкчы шаарынын мэри: Б. Т. Жантаев**

**Өнүгүү планын түзүү процесси.**

Баштапкы этап атайын жумушчу топ түзүлүп, курамы Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 10-сентябрындагы №484-Т тескемеси менен бекиди. Жумушчу топко шаардык Кеңештин депутаттары, мэриянын кызматкерлери жана активдүү жарандык коомдун өкүлдөрү

кирди. Айта кетсек жумушчу топтун курамында жаштар жана аялдардын катышуусу эске алынган, тагыраак айтканда гендердик баланс сакталган.

Иштеп чыгуу процессинде муниципалитет жөнүндө жалпыланган кыскача маалымат, жергиликтүү бюджеттин анализи, муниципалдык менчик, тышкы чөйрөнүн анализи, жарандарды сурамжылоонун жыйынтыгы тууралуу маалыматтар чогултулду. Аны менен бирге муниципалитетке караштуу жарандардын муктаждыктарын баалоосу өткөрүлүп жыйынтыктары чыгарылды.

Жогорудагы чогултулган маалыматтардын негизинде атайын тезистер даярдалган жана SWOT анализден өткөрүлгөн. Андан кийин критикалык суроолор иштелип чыккан. Критикалык суроолордун негизинде өнүгүү планынын багыттары жана аларды ишке ашыруучу милдеттер аныкталган.

Социалдык-экономикалык өнүктүрүү пландын жыйынтыктоочу кадамы катары социалдык-экономикалык өнүгүү планды жарандарга тааныштыруу, ой-пикирлерин, кошумча сунуштарын алуу максатында коомдуук угуулар өткөрүлгөн.

Мындан тышкары шаардын «Элеси» жана «Миссиясы» аныкталды.

**Социалдык-экономикалык өнүгүү жолун аныктоо төмөндөгү диаграммада көрсөтүлгөн:**




**Артыкчылыктуу багыттар**

| Багыттын аталышы | Багыттын мааниси |
|---|---|
| Туруктуу өнүгүү максатындагы өнөктөштүк | Ынтымактуу коом өнүгүүнүн өзөгү. Туруктуу өнүгүү максатындагы өнөктөштүк механизмин активдештирүү.Жергиликтүү бийлик менен бей өкмөт уюмдар, жарандык коом жана жергиликтүү жамааттар ортосундагы мамилелерди бекемдөө, инвестициялык кенеш берүүчү коомду түзүү, өз ара каралашуу жана жардамдашуу, жергиликтүү жамааттардын иштерин күчөтүү |
| Натыйжалуу муниципалдык кызмат көрсөтүү жана муниципалдык башкаруу | Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ыңгайлуу шартта жеткиликтүүлүгүн камсыздоо. Ачык айкындуулук принцибинде муниципалдык башкаруу таза коомун түзүү |
| Өнөр жай. Чакан жана орто бизнес | Туруп калган өнөр жай жана жүк ташуучу автомекемелердин, заводдордун ишин жандандырууга көмөктөшүү. Шаардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен логистиканы өнүктүрүү боюнча долбоорлор менен иштөө. Чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдү |

| | |
|---|---|
| | түзүү. Шаарга инвестиция тартуу аракетин көрүү, конкреттүү долбоорлор менен иш алып баруу |
| Туризм. Инфраструктура. Жагымдуу жана ыңгайлуу шаар | Индустриалдаштыруу жана инфратүзүмдөр экономикалык өнүгүү үчүн тирөөч. Базалык инфротүзүмдөр жолдор, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, санитария, электрэнергия жана таза суу, көрктөндүрүү, тарнспорт, ирригациялык системаларды жакшыртууда калктын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо. Жарык шаар, таза шаар, кооз шаар, коопсуз шаар, ыңгайлуу шаар долбоорлорун ишке ашыруу |
| Сапаттуу билим | Билим берүү туруктуу өнүгүүнүн көптөгөн максаттарына жетүү үчүн негизги элемент. Шаар тургундарынын сапаттуу билим алуусуна жеткиликтүүлүктү камсыздоо, жаңы билим берүү мекемелерин куруу, бала-бакчаларды куруу, билим сапатын көтөрүү ж.б. Жалпы республикалык тестирлөөдө окуучулардын жогорку балл алуусуна жана республикалык облустук билим олимпиадаларында жогорку көрсөткүчтөргө жетүүсүн камсыз кылуу, билимдүү келечек муунду тарбиялоо |
| Таза суу жана санитария | Таза суу ар бир шаар тургундарынын негизги муктаждыгы. Суу менен үзгүлтүксүз камсыздоого инвестиция тартуу, суу өндүрүүнү жакшыртуу, таза сууга болгон калктын жеткиликтүүлүгүн уюштуруу боюнча тынымсыз иш алып баруу. Таштандыны кайра иштетүү, таштандыны чыгарууда жаңы ыкмаларды колдонуу иштерин жүргүзүү |
| Социалдык бакубатчылык | Социалдык жактан аялуу топтогу үй-бүлөлөр менен иш алып баруу. Социалдык программаларды иштеп чыгуу, жаштар саясатын өнүктүрүү. Социалдык тейлөө иштерин жогорку деңгээлде уюштуруу |
| Жакырчылыкты жоюуу | Жакрчылыктын деңгээлин жыл сайын азайтуу. Үй-бүлөлүк киреше булактарын көтөрүү максатында иш менен камсыз кылуу, кесиптик окутууларга тартуу, турмуштук оор абалды алдын алуу боюнча бардык чараларды көрүү |
| Жакшы ден соолук жана бакыбаттуулук | Калкты дени-сак жашоого үндөө.Медициналык тейлөө жана камсыздоо иштерин уюштуруу. Сапаттуу медицина жана заманбап технологиялык мед.аппаратуралар менен жабдуу. Медицинага инвестиция тартуу. Дени сак улут, дени сак шаар жашоочулары үчүн тынымсыз аракеттердин үстүндө иштөө |
| Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүү | Экономикалык өсүү максатында инвестициялык аянтчаларды уюштуруу, жер аянты менен камсыздоо, альтернативалык жол мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен алдыдагы жылдарга жыл сайын инвестиция тартууга шарттарды түзүү. Чет мамлекеттик жана ички инвестициялардын Балыкчы шаарына келиши боюнча аракеттерди тынымсыз көрүү. Өндүрүш ж.б ишканалардын ачылуусу менен калкты иш менен камсыз кылууга аракеттенүү |
| Туризм | Балыкчы шаары Ысык-Көлдүн кире бериш дарбазасы болгондон кийин 2027-жылдарга чейин мэриянын биринчи кезектеги багыты бул- Ак-Кеме экологиялык өткөрмө |

| | |
|---|---|
| | постунун айланасын долборлоо, туристик маалымат борборун куруу, “Көчмөндөр дүйнөсү” этно паркын куруу. Шаардын паркопляждык зоналарын заманбап үлгүдө жасалгалоо, 250 м пирс куруу ж.б . Туристердин шаарга тартылуусуна аракеттенүү |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо | Жашыл Мурас долбоорунун жана жылдык иш-чаралардын негизинде жыл сайын шаарды жашылдандыруу иштерин жүргүзүү, кичи парктарды жасоо, борбордук паркты заман талабына ылайык куруу, көчө аллеяларын куруу |

**Балыкчы шаарынын ЭЛЕСИ**

| |
|---|
| Балыкчы шаары - эл үчүн өтө ыңгайлуу, бүт тарабы өнүккөн, коопсуз, таза, жарык, коммуналдык, социалдык, жол инфраструктурасы өнүккөн, сапаттуу билим жана медицина менен тейленген, өнөр жай ишканалары, транспорту жанданган, чакан жана орто бизнес өскөн, логистикалык борборлор заман талабына ылайык курулуп, калк жумуш менен камсыздалган, туризм жагы өтө өнүккөн шаар. |
| |

**Балыкчы шаарынын мэриясынын Миссиясы**

- ***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат көрсөтүүсүн жакшыртуу;***
- ***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өнүгүү планын аткаруу боюнча жарандык коом менен биргеликте инвестиция тартууга багытталган иш-аракеттерди жүргүзүү;***
- ***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ачык айкындуулук процедураларын сактоо.***
- ***Тынымсыз аракет, натыйжалуулук принцибин улоо.***

| Багыттын аталышы | Багыттын мааниси |
|---|---|
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат көрсөтүүсү жакшыртуу | Балыкчы шаарынын мэриясы тарабынан жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү ишканалар элге кызматтарын сапатту көрсөтүү менен жарандардын суроо талабын ийгиликтүү камсыздайт |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өнүгүү планын аткаруу боюнча жарандык коом менен биргеликте инвестиция тартууга багытталган иштерди жүргүзөт | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жарандык коомдун өкүлдөрү менен тыгыз байланышта иш алып барып, бирге шаардын көйгөйлөрүн аныктоо менен чектелбестен, милдеттерди чечүү жолдорун бирге таап, ага керектүү ресурстарды чогуу издеп, инвестицияны биргеликте тартуу менен өнүгүү планында белгиленген максаттарды аткарууга жетишет |

| | |
|---|---|
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ачык айкындуулук процедуларады сактайт | Баардык иш аракеттерде ачык айкындык принциптер сакталса, ошол жерде түшүнбөстүк, наарызычылык жана ишенбөөчүлүк орун албайт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзүнүн иш аракетинде ачык айкындуулук принцибин катуу сактоого милдет коет |
| Тынымсыз аракет, натыйжалуулук принциби | Шаарды өнүктүрүү планындагы ар бир иш-чараларга тынымсыз аракеттенүү, калкка жергиликтүү бийликтин ишинин натыйжалуулугун ишенимдүү көрсөтүү, эл ишеничине жетүү |

**Кыскача тарых:**

Балыкчы шаары- "Жибек жолунун" учугу, тогуз жолдун тоому, облустар менен байланыштын тамыры, темир жол магистралы болуп саналат. Шаарыбыздын кулачы кеңейип Ысык-Көлдүн алтын дарбазасы, бермети аталганын эл өзү даңктап, улуу сөздөрдү ыйгарып, калаа бүгүн кош канатын кагып, дүйнө жүзүнө таанылып калган курагы. Шаар жашоосу тууралуу маалыматтар VII кылымдарга барып такалат. Кытайлардын жол белгилери боюнча бул жерден анча алыс эмес аймакта "Ечжи" шаарчанын жайгашканы белгилүү. Азыркы Балыкчы шаарынын башаты катары тарыхый аты "Куу Токой" деген жер азыркы Көк-Мойнок менен Орто-Токойдун ортосу чытырман токой болгон. Таш-Сарай аркылуу "Семиз Бел", "Туура Суу" аймактары аркылуу малды "Куу токойго" айдап келишип сатып жүрүшкөндүктөн бул жер "Көп малдуу" кыштагы деп аталып калган. Балыкчынын тарыхы Верныйга байланыштуу, себеби Верный, Кракол, Пишпектин ортосунда кат кабар түзүү маселеси каралып, 1876-жылы "Көп малдуу" почта байланыш бекети негизделген. Балыкчы шаарынын тарыхы балыкчылардын кичинекей Бачино деген айылынан башталып, 1909-жылы Балыкчы деген айылына которулган. 1954-жылы Балыкчы шаары деген статуска ээ болуп, Ысык-Көл облусунун өнөр-жай, автотранспорт, кеме чарбаларынын жана көлдүн бермет босогосуна аталган. Балыкчы илгертеден "Улуу жибек жолунун" которуп жөнөтүү жайы болуп келген.
2024-жылдын 1-апрелинен баштап административдик-аймактык рефонманын алкагында Балыкчы шаарына Тоң районуна караштуу Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн кошулушу менен бугункү күнү шаардын жалпы аянты 123 640 гектарды түзөт (Балыкчы шаарынын 1954,6 га., Көк-Мойнок а/а 121 686 га. ).
Айылдардын саны 4 (Көк-Мойнок 1, Көк-Мойнок 2, Ак-Өлөн, Орто-Токой).

**Калкы:**
Калктын санын 57446 адам түзөт. (Балыкчы шаарынын калкы 53621, Көк-Мойнок а/а - 3825).

**Кыскача климаттык шарт:**

Шаар кышында өтө суук эмес, жайында өтө ысыбайт. Батыштан Улан шамалы болуп турат. Абанын температурасы республиканын башка аймактарына салыштырганда туруктуу мүнөзгө ээ. Булундун суусу 20-25 градуска чейин жылыйт. Кышында тоңбойт. Жайкысын 25-27 градуска чейин жылуу болуп турат. Жери кайрак таштуу дыйканчылыкка ылайыкташкан эмес. Мал чарбачылыгында көлдүн башталыш жээги Кызыл-Саз талаасы, Калмак-Ашуу тоо кыркалары колдонулат. Салыштырмалуу жылдарга караганда шамалдын ылдамдыгы азайууда. Жайкы мезгилдерде көл жээктеги эс алуучулардын саны өсүүдө.

## 2025-жылдын 12 айынын жыйынтыгы менен:

**<u>Өнөр жай, өндүрүш тармагы боюнча:</u>**

2025-жылдын 12 айына карата 1 млрд 636 млн сомго өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, өсүү ыргагы мурунку жылга салыштырмалуу 117,1 % (пайызды) түздү. Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин (ИФО) көрсөткүчү 132,2 % (пайызга) барабар болду. Бул көрсөткүч 2024-жылдын 12 айына салыштырмалуу өндүрүлгөн өнөр жай продукциясы 239 млн 038 миң сомго көп өндүрүлгөн.

Өндүрүш багытындагы ири ишканалар:

- Каухар-Таш- жол тосмолорун, көпүрөлөрдүн бетон плиталарын чыгаруучу ишкана (ЖБИ)
- Кыргыз Бройлер ишканасы 2025-жылы ачылды
- Балыкчы Форель заводу ишканасы 2025-жылы ачылды
- Балыкчы-Бетон строй ишканасы 2025-жылы ачылды
- Модуль-Хаус- модулдук үйлөрдү жана курулуш тетиктерин чыгаруучу заманбап ишкана
- Дили- асфальт бетон чыгаруу, жолдорду оңдоо ишканасы
- Агро-Куш ишканасынын 2 ири долбоору иштеп жатат:
    - Балапан өстүрүүчү инкубатория ишканасы
    - Тоокту союучу ири ишкана
- Оберон ишканасы – мөмө жемиш сактоочу ири логистикалык борбор
- Балыкчы-Сүт- сүт азыктарын чыгаруучу ишкана
- Андан тышкары Кумтор ишканасыныны базасы Балыкчы шаарында жайгашкан.
- «Борусан» тоо кен автомашиналарын оңдоочу ири ишкана
- Кыргыз-Алтын мамлекеттик ишканасы, анан алкагында «Алтын Логистик» ишканасы курулуш иштери жүрүүдө.

## Салык саясаты жана салыктардын чогулушу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Ысык-Көл областынын Балыкчы шаары боюнча башкармалыгы тарабынан мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнө 2025-жылдын 12 айында мамлекеттик бюджетке бекитилген план - тапшырма 818883,1 миң сом эсебинде болсо бюджетке анык түшкөнү 848158,8 миң сомду түзүп, план 103,6 пайызга аткарылды. 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу мамлекеттик бюджетке 176259,4 миң сом көп чогултулуп , өсүү ыргагы 126,2 пайызды түздү.

Республикалык бюджетке бекитилген план 576570,6 миң сомго барабар болсо, бюджетке анык 576632,8 миң сом түшүп, аткарылышы 100,0 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу республикалык бюджетке 134746,9 миң сом көп чогултулуп, өсүү ыргагы 130,5 пайызга барабар болду.

Жергиликтүү бюджетке бекитилген план тапшырма 242312,5 миң сом болсо, жергиликтүү бюджетке анык 271526,0 миң сом түштү, пландын аткарылышы 112,1 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу жергиликтүү бюджетке 41512,5 миң сом көп чогултулуп, өсүү ыргагы 118,0 пайызды түздү.

## Жергиликтүү бюджеттин аткарылышы

Жалпысынан алганда шаар боюнча киреше бөлүгү 104,1% аткарылган же такталган план 601 373,3 миң сом. Кирешенин түзүмдөрүндө салыктык, салыктык эмес жана активдер жана милдеттенмелерден келип түшүүлөр 626 192,1 миң сомду түзгөн же 104,1% аткарылган.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 626 192,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 289776,3 миң сом, такталган план 264 977,2 миң сомду түзсө же 24 799,1 миң сомго ашык аткарылып 109,4% түздү, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 98 418,8 миң сом же планда такталган сумма 89 867,8 миң сом аткарылышы 109,5%, Республикалык бюджеттен келип түшкөн максаттуу трансферттер 219 528,3 миң сом, аткарылышы 210 997,0 миң сомду түзүп 8531,3 миң сом акча каражаты республикалык бюджеттке кайтарылып берилген.

**Жергиликтүү бюджеттин көлөмүн жогорулатуу боюнча:**

- 2025-жылга жергиликтүү бюджет 316,5 млн сомго бекитилген
- 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин долбоору 418 млн 257,1 миң сомго пландалууда
- +101 млн 757 миң сомго көп

**Шаардын жергиликтүү бюджети атайын трансферттердин эсеби менен бирге киреше булактары боюнча төмөнкүдөй мүнөздөлөт.**

| Элемент (8) | жергиликтүү бюджет Кирешелердин аталышы | 12- ай 2025 жыл | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | бекитилген план | такталган план | факт | (+, -) | (%) |
| | 1 | | | | | |
| | **Кирешелер + Финансылык эмес активдер** | **316506,1** | **601373,3** | **626192,1** | **24818,8** | **104,1** |
| **1** | **Кирешелер** | **316506,1** | **574373,3** | **599192,1** | **24818,8** | **104,3** |
| | | | | | | |
| **11** | **Салыктык кирешелер** | **227638,3** | **264977,2** | **289776,3** | **24799,1** | **109,4** |
| **111** | **Кирешеге жана пайдага салык** | **195734,9** | **264424,1** | **288469,8** | **24045,7** | **109,1** |
| **1111** | **Кирешеге жана пайдага салык** | **188320,3** | **222032,2** | **230031,2** | **7999,0** | **103,6** |
| **11111** | **Кыргыз Республикасынын резиденттери-жеке жактардан алынуучу киреше салыгы** | **188320,3** | **222032,2** | **230031,2** | **7999,0** | **103,6** |
| 11111100 | Салык агенти төлөөчү киреше салыгы | 188320,3 | 222032,2 | 230150,5 | 8118,3 | 103,7 |
| 11111200 | Бирдиктүү салык декларациясы боюнча киреше салыгы | | | -119,3 | 0,0 | 0,00 |
| **1112** | **Атайын режимдер боюнча салыктар** | **7414,6** | **7414,6** | **10146,9** | **2732,3** | **136,9** |
| **11122** | **Патенттин негизинде салык** | **7414,6** | **7414,6** | **10146,9** | **2701,4** | **136,9** |
| 11122300 | Патенттин негизинде салык | 7414,6 | 7414,6 | 10116,0 | 2701,4 | 136,4 |
| 11122400 | Патент на торговую деятельность | 0 | 0 | 28,9 | 28,9 | 0,0 |
| **11125** | **Налог на упрощенной системе налогообложения** | | | **2,0** | **2,0** | **0,0** |
| **11125100** | Налог на упрощенной системе налогообложения на основе налога с розничныхпродаж | | | 2,0 | **2,0** | **0,0** |
| **113** | **Менчикке салык** | **31350,3** | **34977,3** | **48291,7** | **13314,4** | **138,1** |
| **1131** | **Мүлккө салык** | **16270,4** | **5207,6** | **8528,9** | **3321,3** | **163,8** |
| **11311** | **Кыймылсыз мүлккө салык** | **5207,6** | **5207,6** | **7507,6** | **2300,0** | **144,2** |
| 11311100 | Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык | 188,5 | 188,5 | 1688,7 | 1500,2 | 1116,2 |
| 11311200 | 2-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 5019,1 | 5019,1 | 5860,2 | 841,1 | 116,8 |
| 11311300 | 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 0,0 | 0,0 | -41,3 | 0,00 | 0,00 |
| **11312** | **Кыймылдуу мүлккө салык** | **11062,8** | **0,0** | **1021,3** | **1021,3** | **0,00** |
| 11312100 | Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык | 1280,0 | 00 | 87,1 | 87,1 | 0,0 |
| 11312200 | Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 9782,8 | 0,0 | 934,2 | 934,2 | 0,0 |
| **1132** | **Жер салыгы** | **15079,9** | **29769,7** | **39762,8** | **9993,1** | **133,6** |
| **11321** | **Жер салыгы** | **15079,9** | **29769,7** | **39762,8** | **9993,1** | **133,6** |
| 11321100 | Короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы | 1720,0 | 1720,0 | 2154,7 | 434,7 | 125,3 |
| 11321200 | Айыл чарба багытындагы жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | 310,2 | 0,0 | 32,6 | 32,6 | 0,0 |
| 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | 13049,7 | 28049,7 | 37575,5 | 9525,8 | 134,0 |
| **114** | **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салыктар** | **553,1** | **553,1** | **1306,5** | **753,4** | **236,2** |
| **1146** | **Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар** | **553,1** | **553,1** | **1306,5** | **753,4** | **236,2** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **11462** | **Роялти** | **553,1** | **553,1** | **1306,5** | **753,4** | **236,2** |
| **114623** | **Металл эмес пайдалуу кендер** | **144,0** | **144,0** | **569,3** | **425,3** | **395,3** |
| 11462190 | Дагы башка күйүүчү пайдалуу кендер | | | 0 | | |
| 11462320 | Курулуш куму | 70,0 | 70,0 | 312,4 | 242,4 | 446,3 |
| 11462390 | Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металл эместер | 74,0 | 74,0 | 256,9 | 182,9 | 347,2 |
| **114624** | **Жер алдындагы суулар** | **409,1** | **409,1** | **737,2** | **328,1** | **180,2** |
| 11462440 | Ичүүчү жана техникалык суулар | 407,0 | 407,0 | 734,7 | 327,7 | 180,5 |
| 11462490 | Башка жер астындагы суулар | 2,1 | 2,1 | 2,5 | 0,4 | 119,0 |
| **13** | **Алынган расмий трансферттер** | **0,0** | **219528,3** | **210997,0** | **96,1** | **-8531,3** |
| **13321200** | Максаттуу трансферттери | 0,0 | 219528,3 | 210997,0 | 96,1 | -8531,3 |
| **14** | **Салыктык эмес кирешелер** | **88867,8** | **89867,8** | **98418,8** | **8551,0** | **109,5** |
| **1415** | **Ресурстарды пайдалануу жана чалгындоо үчүн ижара акы жана жыйымдар** | **45842,8** | **45842,8** | **52649,1** | **6606,3** | **114,3** |
| **14151** | **Пайдалуу кен чыккан жерлерди жана казып алынуучу отунду издөө, чалгындоо жана/же иштетүү укугу үчүн жыйымдар** | **201,0** | **201,0** | **4056,4** | **3855,4** | **2018,1** |
| 14151200 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым | 201,0 | 201,0 | 4056,4 | 3855,4 | 2018,1 |
| **14152** | **Жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн акы** | **45641,8** | **45641,8** | **48277,8** | **2636,0** | **105,8** |
| 14152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы | 45028,7 | 45028,7 | 46430,5 | 1401,8 | 103,1 |
| 14152200 | Жайыт жерлерди пайдалануу үчүн жыйым | 510,7 | 510,7 | 703,9 | 193,2 | 137,8 |
| 14152400 | Алынбай калган пайданын ордун толтуруудан жергиликтүү бюджетке төлөм | 0,0 | 0,0 | 964,1 | 964,1 | 0,0 |
| 14152600 | Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин иштетүү үчүн ижара акысы | 102,4 | 102,4 | 130,6 | 28,2 | 127,5 |
| 27,614152900 | Жаратылыш активдерин пайдалануу үчүн дагы башка төлөмдөр | 0,0 | 0,0 | 48,7 | 48,7 | 0,0 |
| **142** | **Товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүдөн кирешелер** | **43025,0** | **44025,0** | **42102,1** | **-1722,9** | **96,1** |
| **1421** | **Мүлк ижарасы үчүн акы** | **200,0** | **200,0** | **314,9** | **114,9** | **157,5** |
| **14211** | **Мүлк ижарасы үчүн акы** | **200,0** | **200,0** | **314,9** | **114,9** | **157,5** |
| 14211200 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы | 200,0 | 200,0 | 314,9 | 114,9 | 157,5 |
| **1422** | **Жыйымдар жана төлөмдөр** | **325,0** | **1325,0** | **2081,5** | **756,5** | **373,9** |
| **14221** | **Төлөмдөр** | | | **0,0** | | |
| 14221900 | Дагы башка төлөмдөр | 0,0 | 0,0 | 0,0 | | |
| **14224** | **Жыйымдар** | **325,0** | **1325,0** | **2081,5** | **756,5** | **373,9** |
| 14224200 | Калктуу пункттардын таштандысын чыгаруу үчүн төлөм | 295,0 | 295,0 | 751,5 | 456,5 | 254,7 |
| 14224410 | Алкоголдук продукцияны сатууга лицензия алган субъекттерден этил спирттин жана алкоголдук продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү боюнча ишти ишке ашыруу үчүн жыйым | 30,0 | 1030,0 | 1330,0 | 300,0 | 129,1 |
| **1423** | **Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр** | **42500,0** | **42500,0** | **40020,6** | **2479,4** | **94,2** |
| **14232** | **Билим берүү жана маданий кызмат көрсөтүүлөр** | **28150,0** | **28150,0** | **18524,4** | **9625,6** | **65,8** |
| 14232400 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы | 28150,0 | 28150,0 | 18524,4 | 9625,6 | 65,8 |
| **14236** | **Маалымат берүү жана басып чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү** | **220,0** | **220,0** | **82,8** | **-137,2** | **-220,0** |
| 14236900 | Маалымат берүү жана басып чыгаруу боюнча классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр акысы | 220,0 | 220,0 | 82,8 | -137,2 | -220,0 |
| **14238** | **Кызмат көрсөтүүнүн башка түрлөрү** | **14130,0** | **14130,0** | **21413,4** | **7283,4** | **294,0** |
| 14238900 | Кызмат көрсөтүүнүн башка классификацияланбаган түрлөрү үчүн акы | 14130,0 | 14130,0 | 21413,4 | 7283,4 | 294,0 |
| **144** | **Ыктыярдуу трансферттер жана гранттар** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | 0,0 | 0,0 |
| **1441** | **Ыктыярдуу трансферттер жана гранттар** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | 0,0 |
| **14411** | **Учурдагы** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | 0,0 | 0,0 |
| **14411100** | **Учурдагы жардам** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | 0,0 | 0,0 |
| **145** | **Дагы башка салыктык эмес кирешелер** | 0,0 | 0,0 | 3667,6 | 3667,6 | **0,0** |
| **1451** | **Дагы башка салыктык эмес кирешелер** | 0,0 | 0,0 | 3667,6 | 3667,6 | **0,0** |
| **14511** | **Дагы башка салыктык эмес кирешелер** | 0,0 | 0,0 | 3667,6 | 3667,6 | **0,0** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 14511110 | Мамлекеттин пайдасына айлантылган кирешелер | 0,0 | 0,0 | 3563,8 | 3563,8 | 0,0 |
| 14511400 | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 0,0 | 0,0 | 103,8 | 103,8 | 0,0 |
| **3** | **Активдер жана милдеттенмелер** | **0,0** | **27000,0** | **27000,0** | 100,0 | 0,0 |
| 33141110 | Мамлекеттик башкаруунун башка бирдиктеринен насыя алуу | 0,0 | 27000,0 | 27000,0 | 100,0 | 0,0 |

Салык агенти төлөөчү киреше салыгы боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 222 032,2 миң сом болсо, жергиликтүү бюджетке 230150,5 миң сом түштү, же план 103,7% аткарылды. Бекитилген планга карата 41830,2 миң сомго ашык чогултулду. 2024-жылдын 12 айдын жыйынтыгына салыштырмалуу бюджетке келип түшүү салыктын бул түрүнөн 38533,3 миң сомго жогорулап, өсүү темпи 120,1% түздү.

Патенттин негизинде салык боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 7414,6 миң сом болсо, жергиликтүү бюджетке 10146,9 миң сом түштү же план 136,9% аткарылып бюджетке 2701,4 миң сомго ашык чогултулду.

Калктуу конуштарда жер ижара акысы боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 45 028,0 миң сом болсо, бюджетке анык түшкөнү 46430,5 миң сомду түзүп, план 103,1% аткарылды. Бюджетке 1401,8 миң сомго ашыкча түштү.

Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 200,0 миң сом болсо, бюджетке анык түшкөнү 314,9 миң сомду түзөт, же план 157,5% аткарылды.

Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин иштеүү үчүн ижара акысы боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 102,4 миң сом болсо, бюджетке анык түшкөнү 130,6 миң сомду түзгөн, же план 127,5% аткарылган.

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 42500,0 миң сом болсо, бюджетке анык түшкөнү 40020,6 миң сомду түзгөн, же план 94,2% аткарылган. Анын ичинен:

Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 23150,0 миң сом болсо, бюджетке анык түшкөнү 18524,4 миң сомду түзгөн, же план 80,0% аткарылган.

Маалымат берүү жана басып чыгаруу боюнча классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр акысы боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 220,0 миң сом болсо, бюджетке анык түшкөнү 82,8 миң сомду түзгөн, же план 37,6% аткарылган.

Кызмат көрсөтүүнүн башка классификацияланбаган түрлөрү үчүн акы боюнча 2025-жылдын 12 айына такталган план 19130,0 миң сом болсо, бюджетке анык түшкөнү 21413,4 миң сомду түзгөн, же план 112,0% аткарылган.

2025-жылдын 12-айына бюджеттин чыгаша бөлүгү.

*Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү* 91,5% га аткарылган же такталган план (актив жана милдеттенмелери менен бирге) 663255,1 миң сом, кассалык чыгымдар 607172,8 миң сом. Алар төмөнкүдөй:

*(миң.сом)*

| Структуралык бөлүктөр боюнча | Балыкчы шаары боюнча | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бекит. план 2025-жылдын 12-айына | Тактал. план 2025-жылдын 12-айына | 2025-жылдын 12-айынын аткарылышы | Аткару % | Жалпы чыгымдардын үлүшү % |
| Жалпы мамлекеттик кызмат | 29982,4 | 34939,8 | 28911,5 | 82,8 | 5,3% |
| Коргоо | 500,1 | 500,1 | 370,9 | 74,2 | 0,1% |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Коомдук тартип жана коопсуздук | 322,1 | 322,1 | 184,1 | 57,2 | 0,08% |
| Экономикалык маселелер | 6700,0 | 45379,3 | 37255,9 | 82,1 | 6,8% |
| Турак жай жана коммуналдык кызматтар | 173554,7 | 479571,0 | 457175,4 | 95,3 | 72,3% |
| Эс алуу, маданият жана дин | 23147,8 | 23503,8 | 22240,7 | 94,6 | 3,5% |
| Билим берүү | 78299,0 | 74216,3 | 56590,4 | 76,3 | 11,2% |
| Социалдык коргоо | 4000,0 | 4822,7 | 4443,9 | 92,2 | 0,7% |
| Баардык чыгымдар | 316506,1 | 663255,1 | 607172,8 | 91,5 | 100,0 |

Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгашалар түзүмүндө чыгашалар боюнча мамлекеттик кызматтар каржылоого 5,3%, коргоого 0,1%, коомдук тартип жана коопсуздука 0,08%, экономика маселелери 6,8%, турак жай коммуналдык чарбасына 72,3%, маданият кызматкерлерин камсыздоо жана маданий иш чараларына 3,5%, билим берүүгө 11,2% сарпталган, социалдык коргоо чыгымдары 0,7%, Резервдик фондуна 0,7% түзөт.

*"Мамлекеттик кызмат көрсөтүү"* бөлүгү боюнча планда бекитилген сумма 29 982,4 миң сом, бекитилген пландан тактaлган пландан ай ырмасы 4 957,4 миң сомду түздү, ал 2026-жылдын башындагы эркин калдыктын эсебинен шаардык мэрияга айыл чарба каттоосун өткөрүү жана даярдыктарды көрүү иретинде, бюджеттин киреше бөлүгүнүн ашыкчы аткарылышынын эсебинен 2 400,0 миң сом кошумча резервдик фондко бөлүнүп берилген.

*"Коргоо"* бөлүгү боюнча чыгашалар 0,1% планында бекитилген сумма 500,1 миң сом, жыйынтыгында кассалык чыгымдар 370,9 миң сомду түзгөн.

*"Коомдук тартип жана коопсуздук"* бөлүгү боюнча чыгашалар 0,08% планында бекитилген сумма 322,1 миң сом тактaлган пландан 322,1 миң сом, жыйынтыгында кассалык чыгымдар 184,1 миң сомду түзгөн.

*"Экономикалык маселелер"* бөлүгү боюнча чыгашалар 6,8% тактaлган план 45 379,3 миң сом, жыйынтыгында кассалык чыгымдар 37 255,9 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-мартындагы №198-р, тескемесине ылайык Балыкчы шаарына "Асфальт жана темир-бетон тетиктерин чыгаруучу заводун куруу" долбооруна Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт иретинде 32 123,4 миң сом бөлүнүп берилген.

*"Турак жай коммуналдык чарба"* бөлүгү боюнча чыгашалар планында бекитилген сумма 173 554,7 миң сом, тактaлган план 479 571,0 миң сом айырмасы 360 6016,3 миң сом, бул айрым беренелердин бекитилген пландан, көбөйүшүнүн себептери 2025-жылдын башындагы эркин калдыктын эсебинен 2111 "Эмгек акы" статьясына-15 963,5 миң сом, 2121 "Социалдык фонд" статьясына – 3 470,7 миң сом 2215 "Ар-кыл товарларды, кызматтарды алуу" статьясына – 3 365,6 миң сом 2222 "Учурдук чарбалык максаттар үчүн жабдууларды жана материалдарды алуу" статьясына 2 584,2 миң сом, 3111 "Имараттар жана курулуштар" статьясына 32 507,8 миң сом жана 3112 "Машиналар жана жабдуулар" статьясына – 27 733,0 миң сом бөлүнгөн.

Ошондой эле республикалык бюджеттен максаттуу трансферт иретинде "Балыкчы жылуулук менен жабдуу" муниципалдык ишканасына 174 563,2 миң сом субсидия келип түшкөн.

*"Эс алуу, маданият жана дин"* бөлүгү боюнча чыгашалар планында жана бюджеттик каражаттар боюнча бекитилген план 23 147,8 миң сом. тактaлган план 23 503,8 миң сомду түзгөн айырмасы 356,0 миң сом, бул айрым беренелердин бекитилген пландан, көбөйүшүнүн себеби 2025-жылдын башындагы эркин калдыктын эсебинен 2215 "Ар-кыл товарларды, кызматтарды алуу" статьясына – 654,0 миң сом, 3111 "Имараттар жана курулуштар" статьясына 1500,0 миң сом акча каражаты кошумча бөлүнгөн. Ошондой эле республикалык бюджеттен максаттуу трансферт иретинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-ноябрында №1024-т тескемесинин негизинде техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызмат маяналарына 198,1 миң сом келип түшкөн.

*"Билим берүү"* бөлүгү боюнча чыгашалар бекитилген план 78 299,0 миң сом, тактaлган план 74216,3 миң сомду түзгөн, бул айрым беренелердин бекитилген пландан, көбөйүшүнүн себептери 2025-жылдын башындагы эркин калдыктын эсебинен 3112 "Машиналар жана

жабдуулар" статьясына 3 000,0 миң сом Балыкчы шаарындагы билим берүү бөлүмүнө, мектептерге видеокөзөмөл коюга бөлүнүп берилген. Ошондой эле республикалык бюджеттен максаттуу трансферт иретинде Ак-Өлөң калктуу конушуна жаңы ачылган бала бакчанын эмгек акысына келип түшкөн 407,2 миң сом толугу менен кайра республикалык бюджеттке кайтарылып берилген.

*"Социалдык коргоо*" бөлүгүнө Жергиликтүү бюджеттен 4 000,0 миң сом бекитилген, такталган 4 822,7 миң сомду түзүп, кассалык чыгым 4 443,9 миң сомго жүргүзүлгөн. Ошондой эле республикалык бюджеттен максаттуу трансферт иретинде Көк-Мойнок калктуу конушуна электр энергиясына жеңилдик 822,7 миң сом келип түшкөн.

**SWOT анализ.**

Маалыматта муниципалитеттин күчтүү, алсыз, мүмкүнчүлүк жактары каралып, анализдин жыйынтыгы менен өнүгүү планда алсыз жактарын басандатуу, мүмкүнчүлүктөр менен күчтүү жактарын колдонуу жагына көнүл бурулган.

Жыйналган маалыматтар тезис түрүндө SWOT анализде жыйынтыкталды.
SWOTко кирген маалыматтар:
- муниципалитеттин профайлы;
- жергиликтүү бюджеттин анализи; (киреше, чыгаша)
-муниципалдык активдердин анализи;
-жарандарды сурамжылоонун жыйынтыктары; (социалдык булактар аркылуу)
-Өнүгүү планынын жыйынтыгы.

**Күчтүү жактары:**

- Калктын саны демографилык көрсөткүчтө жыл сайын өсүүдө;
- Балкчы-Кочкор-Каракече ири темир жол курулуш долбоорунун ишке ашырылып жаткандыгы Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык абалына салымын кошот;
- Балыкчы-Кочкор-Каракече темир жол куруу долбоорунун алкагында келечекте пландалып жаткан ири долбоор Кытай-Кыргызыстан-Өзбекстан мамлекеттер аралык темир жолуна кошулуу планы шаардын экономикасынын киреше булагын көтөрөт;
- Түндүк-Түштүк альтернативдик жолдун үчүнчү фазасы Балыкчы-Кочкор-Эпкин альтернативдик жолдун толук ишке берилиши, долбоордун жыйынтыкталышы шаарыбыздын социалдык-экономикалык абалын жогорулатат, жүк ташуу жана жүк кабыл алуу, логистика, соода-сатык ж.б да экономикалык кирешени көтөрүүгө мүмкүндүк түзөт;
- Балыкчы шаары КМШ темир жол катнаштарын байланыштырган Луговое-Бишкек-Балыкчы темир жолунун акыркы пункту болуп эсептелиши инвесторлорду кызыктырат жана инвестиция тартууга көмөк көрсөтөт;
- Менчигинин түрүнө карабастан өнөр жайды өнүктүрүүдө шаардагы туруп калган өнөр жай мекемелеринин имараттары, кампалары ж.б сакталып, жандандыруу мүмкүнчүлүктөрү бар;
- Менчигинин түрүнө карабастан жүк ташуучу автобазалар, жүк кабыл алып жөнөтүүчү базалардын, кампаларынын сакталып турушу, логистиканы өнүктүрүү мүмкүнчүлүк патенциалы бардыгынан кабар берет;
- Көп кабаттуу турак-жай үйлөрүн курууга, заманбап соода жайларын курууга, социалдык объектилерди куруу үчүн муниципалдык менчиктеги жер аянттары бар жана учурда МИК тарабынан , Мунара Строй, Гриин-Сити долбоорлорунун алкагында шаарыбызда заманбап коп кабаттуу турак жайлардын курулуштары башталган.;
- Инвестициялык аянттарды түзүү үчүн инвестиция тартуу максатында инвесторлор менен тыгыз байланышта игтер журуп жатат, ири пнвесторлор менен социалдык пакеттерди камсыздоо иш-чара пландар көрсөтүлгөн.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн оптимизациялап башкаруу жана административдик аймактык башкаруу долбоорлору пландаштырылса, аймактын борбору же облустун борбору болууга шаардын мүмкүнчүлүгүнүн бар;
- Туризмди өнүктүрүүдө шаардык парко-пляждык зоналарынын учурда иштеп жаткандыгы жана өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгы, туристик тейлөө борборлорун курууга, маданий туристик этно парктарды курууга, шаарды көрктөндүрүп туристерди кабыл алуу шарттардын бардыгы; (Гриин-Сити долбоору, “Көчмөндөр дүйнөсү” долбооу, ”Ак-Кеме экологиялык посттун жакшыртуу, Фото-зона аймактарын түзүү , Ысык-Көл кемечилигин муниципалдык ишканасыныны алкагында кемечилик жана саякат туризмин жакшыртуу ж.б алдыдага пландар программанын иш-чара планында көрсөтүлгөн.
- Жергиликтүү бюджеттин жыл сайын мүмкүнчүлүккө жараша көбөйүп жаткандыгы, инвесторлордун өнөр жайды өнүктүрүүгө инвестициялоого кызыктарынын бардыгы күчтүү патенциалы бар шаар катары эсепке алынып жаткандыгы күчтүү жактар болуп эсептелинет.
- “Автобекет” муниципалдык мекеменин ачылышы менен калктын жол транспорт менен тейлөөдө иштин жакшырышы, жаңы заманбап автобустардын ишке кириши, жол тармагындагы ремонт иштерин жургүзүүгө тиешелүү техникалар менен камсыз болушу жол инфраструктурасын жакшыртат;
- Заман талабына ылайык спорттук комплекстердин курулушунун башталышы;
-

**Алсыз жактары:**

- Союз убагында курулуп кийин кооперативдештирүү маалында мамлекеттик башкаруудан акционерлерге берилип, азыркы учурда менчик формасына ээ өнөр жай өндүрүш ишканаларынын, автобазалардын, заводдордун, жүк кабыл алуучу жана жүк ташуучу жайлардын айрымдарынын токтоп тургандыгы, иштеп аткан ишканалардын ички дүн продукциянын аз көлөмдө чыгарып жаткандыгы;
- Чет жактарга миграцияга чыгып эмгектенген мигранттардын санынын жыл сайын өсүшү;
- Ири логистикалык борборлордун жоктугу, жүк ташуучу жана жүк кабыл алуучу ишканалардын иштебей тургандыгы;
- Калыктын бала-бакчага болгон муктаждыктары, учурда нормадан ашык балдарды кабыл алып жатышкандыгы;
- Калктын билим алуусунда мектептердеги класс комплектеринин нормадан ашык окуучуларды кабыл алып жаткандыгы;
- Медициналык сапаттуу тейлөөдө заман талабына ылайык медициналык жабдуулардын аздыгы;
- Шаар элинин санынын көбөйүшү менен 10 үй-бүлөлүк, 19 кууш медициналык дарыгерлердин жетишсиздиги, кадрдын тартыштыгы;
- Шаардын түндүк батыш, түндүк жана түндүк чыгыш бөлүктөрүнө шаар элине жаны участоктор берилгендигине байланыштуу борбордук таза суу жана канализация түтүктөрүн тартуу зарылдыгы;
- Таштанды төгүүчү жайдын талапка ылайык экологиялык коопсуз абалда болбой жаткандыгы.

**Мүмкүнчүлүгү:**

- Түндүк-Түштүк альтернативдик жолдун ишке берилиши менен облустар аралык жүк ташуу иштерине мүмкүнчүлүктөр кенейип соода-сатык, туруп калган өнөр жай ишканаларынын, жүк кабыл алуучу жана ташуучу автобазалардын жанданып иштеши күтүлүүдө.
- Балыкчы-Кочкор-Каракече темир жол курулуш долбоорунун алкагында жана Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан мамлекеттер аралык темир жол курулушу долбоорунун негизинде, жакынкы 5-7 жылдар аралыкта Балыкчы шаары өнөр жай, транспорттук абалына кайра кайтуу мүмкүнчүлүгүндө турат.
- Балыкчы-Бишкек-Луговое жана КМШ өлкөлөрүнө темир жол аркылуу жүк ташуу мүмкүнчүлктөрүн эсепке алуу менен инвесторлордун Балыкчы шаарына кайра иштетүү, өндүрүш долбоордук сунуштарынын берилип жаткандыгы.

- Инвестициялык экономикалык аймактардын кеңейиши инфестициялык чөйрөнү жакшыртат;
- Жашыл экономиканын принциптери колдоону менен Энергияныны кайра жаралуу булактарын (ВИЭ) колдонуучу ири инвестициялык долдоорлорду ишке ашыруу
- Балыкчы шаарынын административдик аймактык чегин кеңейтип турак жай куруу үчүн шаар тургундарын жер аянты менен камсыздоого мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгы;
- Инвестиция тартуу жолу менен Кыргызстандын ири курулуш компанияларынын Балыкчы шаарына турак жай куруу долбоорун ишке ашырып жаткандыгы;
- Шаардын паркопляждык зоналарын заман талабына ылайык өнүктүрүүдө жакынкы 2 жылда 10 га, жылдык иш-чараларга ылайык толук туристерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгү түзүлүп жаткандыгы.
- Калктуу конуштарда комфорттуу жашоону камсыз кылуу жана калктуу конуштардагы муникипалдык кызматтарды жакшыртуу багытында “Муниципалдык аймактык башкаруу” мекемесинин ачылышы, айыл чарба тармагына керектүү болгон техникалар менен камсвз болушу, социалдык жана коммуналдык инфраструктуралардын жакшырышы, социалдык обьектилердин курулушу жана өндоп түзөө иштеринин жүрүшү, жол /ирригация инфраструктурасын жакшыруу багытында иш алып баруу;
- Ысык-Көлдүн кире бериш дарбазасына туристерди кабыл алуучу маалымат борборун ишке ашыруу долбоору иштелип жаткандыгы жана “Көчмөндөр дүйнөсү” этно-паркынын эскиздик долбоору ишке ашып, ишти баштоо пландарынын жүрүшү;
- Таза шаар долбоорунун алкагында таштандыны сорттоп чыгаруу үчүн жана шаар тургундарын таза шаар маданиятына калыптандыруу иш-аракетинин долбоору иштелип жаткандыгы;
- Кооз жана ыңгайлуу шаар долбоорунун негизинде шаар ичинде жана калктууконуштаргагы ички көчөлөрдү жакынкы жылдык иш-чараларга бөлүү менен көчөлөрдү ондоп, муниципалдык транспорту жүргүзүп, калкты тейлөө иштери демилгеленип ишке ашыруу аракети жүрүп жаткандыгы;
- Шаарда жана калктуу конуштарда жаш балдар, чоңдор үчүн эс алуучу жана ден соолукту чыңдоочу мейкиндиктерди түзүү багытында долборлоо иштери жүрүп жаткандыгы;
- Калкты турак-жай менен камсыздоо иштеринде жана заманбап соода борборлорун куруу демилгесин инвесторлорго сунуштоо иштери жүрүп, биринчи этаптагы курулуш фирмаларынын Балыкчы шарына иштерди баштап жаткандыгы;
- Ишкерлерди колдоо багытында ишканаларды ачуу (тигүү цехи, мал союуучу ишкана, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүтү ишканаларды) боюнча долбоорлорунун башталышы.
- Балыкчы шаарынын мэриясынын инвестиция тартуу иш-аракеттеринин көрүлүшү;
- Калкты таза суу менен камсыздоодо жана саркынды суулардын түтүкчөлөрүн ар бир көчөгө жеткирүү иш аракетинин алкагында эл аралык банктардын каржылоосу менен долбоорлордун ишке ашып жаткандыгы;
- Калкка борборлоштурулган жылуулук системасынан сапаттуу жылуулук менен камсыз болушу, отканалдарды реконструкциялоо менен буга чейин борборлук жылуулукка кошулбаган көп кабаттуу турак үйлөрдү жылуулук системаларына кошуу, жылуулук трассаларынын жаңыртылуусу;

**Балыкчы шаарынын 2025-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП)**

**ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер Планы**

| | **Иш-чаранын сүрөттөлүшү** | **Жооптуу жана катышуучулар** | **Ишке ашыруу мөөнөттөрү** | **Каржылоо булактары / ресурстар** | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Аткарылышы боюнча мониторинг** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Балыкчы шаарынын Көк-Мойнок -1 , Көк-Мойнок-2 калктуу конуштарына 60-80 орундуу заманбап бала бакча куруу | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Жергиликтүү бюджет (2025-жылы жергиликтүү бюджеттен үнөмдөлгөн акча каражатынын эсебинен) Архитектуралык эскиздик долбоору даяр, долбоордук сметалык иш кагаздары даярдалууда | жалпы мектепке чейинки билим берүүдөгү электрондук кезектин азаят;<br> калктуу конуштун мектепке чейинки жаш балдары бар жашоочуларына жакшы шарт түзүлөт;<br> калктуу конуштун тургундарына Балыкчыга балдарын бала бакчага алып келүүдөгү көйгөйлөрү азайып, акча каражжаттары үнөмдөлөт;<br><br>калктуу конушундагы бала бакчанын ачылышы менен туруктуу 40дан кем эмес жумушчу орундары түзүлүп, тургундар жумуш орду менен камсыз болот; | |
| 2 | Заманбап Адал паркын куруу | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Инвесторлордун каражаттары Болжолдуу сумма 50-70 млн.сом | Социалдык инфраструктура өнүгөт, алардын жашыл зоналары көбөйөт, эстетикалык көркү жакшырат, шаар тургундарына эс алууга шарттар түзүлөт | |
| 3 | Күн электр станциясы ири инвестициялык долбоордун алкагында | Балыкчы шаарынын мэриясы, | 2026-жыл ичинде | Инвесторлордун каражатынын эсебинен | Инвестициялык чөйрө жакшырат, балдар жана муктаж калк үчүн сапаттуу социалдык жана реабилитациялык кызматтар камсыз | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | тузулгөн меморандумдун негизинде:<br>-100 орундуу реабилитациялык борбору куруу<br>-100 орундуу бала бакча куруу (Келечек бала бакчасынын ордуна) | тиешелүү түзүмдөр | | Болжолдуу сумма 3,0 млн. америкалык доллар | болот, жергиликтүү инфраструктура жана социалдык шарттар жакшыртылат, жана калктын жашоо сапаты көтөрүлөт.<br>Инвестициянын көлөмү жогорулайт, бюджеттин киреше бөлүгү толукталат, электр энергиясын үнөмдөлөт, социалдык долбоорлор ишке ашат | |
| 4 | Балыкчы шаардык маданият бөлүмүн толук капиталдык ремонтон өткөрүү | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Каржы булагы такталууда (инвестор /)<br>Болжолдуу 15- млн сом | Социалдык жана маданий объекттин абалы жаңыланып, коопсуз жана заманбап шарттар түзүлөт, калкка маанилүү маданий кызматтар сапаттуу көрсөтүлөт, жана шаардык маданий инфраструктурасы чыңдалып, заманбап талаптарга ылайык келет. | |
| | **II. Ысык-Кол өнүктүрүү Фондун башкаруу Дирекциясы тарабынан Балыкчы шаарына бөлүнгөн акча каражатынын 2025-жылы иштетилбей калган суммасынын эсебинен аткарыла турган иштер Жалпы сумма 76 036 552 сом** | | | | | |
| 5 | Балыкчы шаарынын Алиев көчөсү менен Мамбеталиев көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан аймакта “Воркаут аймагын” орнотуу | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун каражаты<br>51 млн. 672,8 миң сом; | Шаар тургундары, өзгөчө жаштар жана өспүрүмдөр үчүн ден соолукту чыңдоого, активдүү жашоо образын калыптандырууга жана спорт менен акысыз машыгууга шарт түзүү, ошондой эле коомдук мейкиндикти көрктөндүрүп, жашоочулардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүнө өбөлгө түзүү болуп саналат. | |
| 6 | Атайын багыттагы техникалар (спец.техника) -5.291.324 сом,<br>атайын куткаруучу жана керектелүүчү шаймандар -1.148.900 сом) алуу | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун каражаты<br>Жалпы:<br>6 млн. 440,2 миң сом | Кырсыктарга жана авариялык абалдарга ыкчам жана натыйжалуу чара көрүү мүмкүнчүлүгү жогорулайт, куткаруу иштери сапаттуу жүргүзүлөт, калктын коопсуздугу жана өмүрүнө болгон коркунуч азайтылат. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Балыкчы шаарынын маданият үйүнүн материалдык -техникалык базасын жакшыртуу : үн жабдыктарын алуу - 8.459.000 сом, заманбап ЛЭД экран -1.895.000 сом, массалык иш- чараларды өткөрүүгө заманбап сахна алууга- 3.647.000 сом, сахна үчүн чагылдыруучу жарык берүүчү шаймандарын алуу - 400.000 сом); | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун каражаты<br><br>Жалпы:<br>14 млн. 401 миң сом | маанилүү маданий жана коомдук иш-чараларды сапаттуу өткөрүү мүмкүнчүлүгү кеңейет, өнөр майданында инновациялык жабдуулар колдонулат, калкка коомдук жана маданий кызматтардын сапаты жогорулайт жана шаардын маданий инфраструктурасы заманбап талаптарга шайкеш болот. | |
| 8 | Балыкчы шаарынын калкын таза суу менен камсыз кылуу, саркынды сууларын кабыл алууда эскилиги жеткен айрым көчөлөрдүн суу түтүкчөлөрүн алмаштыруу | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун каражаты<br><br>3 млн. 522,5 миң сом | Суу менен камсыздоо туруктуу жана коопсуз болот, саркынды суу башкаруу жакшыртылат, көчөлөрдө суу чыгымдары жана авариялык абалдар азайтылат, калктын ден-соолугу жана жашоо сапаты көтөрүлөт. | |
| | **III. Ысык-Көл өнүктүрүү Фондун башкаруу Дирекциясы тарабынан 2026-жылы Балыкчы шаарына бөлүнгөн акча каражатынын эсебинен аткарыла турган иштер Жалпы болжолдуу сумма 150, 0 млн сом сом** | | | | | |
| 9 | 150-200 орундуу тигүү цехин ачуу, ишке берүү архитектуралык -эскиздик долбоору даярдалууда, суммасы такталат | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун каражаты | Жергиликтүү калк үчүн жаңы жумуш орундары түзүлөт, ишкердик потенциал жогорулайт, өндүрүштүн көлөмү өсөт, ошондой эле жергиликтүү экономиканын туруктуулугу жана турмуш деңгээли жакшыртылат. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Муниципалдык мал союуучу жайды куруу, жабдууларын орнотуу жана ишке берүү. | Балыкчы шаарынын мэриясы, тиешелүү түзүмдөр | 2026-жыл ичинде | Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун каражаты | Малды союу жана кайра иштетүү процесси санитардык талаптарга ылайык жүргүзүлөт, азык-түлүк коопсуздугу жакшыртылат, шаар тургундарына жана ишканаларга жогорку сапаттагы эт азыктары жеткиликтүү болот, ошондой эле санитардык абал көзөмөлү күчөйт. | |
